Чынында, жихаддын эң улугу - заалым падышанын алдында адилеттүү сөздү айтуу

Абу Саид Худри (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Чынында, жихаддын эң улугу - заалым падышанын алдында адилеттүү сөздү айтуу".

[حسن لغيره] [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ибн Маажа жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах жолундагы жихаддын эң чоң жана эң пайдалуу түрү - заалым падышага адилеттүү, ак сөздү тайманбай айтуу деп айткан. Анткени, аны менен жакшылыкка чакыруу жана жамандыктан кайтаруу милдетин аткарат. Жаман иштен жакшы ишке кайтара турган сөзүн айтабы, кат жазып жибереби же иш-аракети менен көрсөтөбү айырмасы жок.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3045